«Макулдаштырылды»

№1 педкенештин чечими

2020ж

«Бекитемин»

Б. Маленов орто мектебинин

мудуру: Сманалиева Ж.С

_____

Байдылда Маленов атындагы орто мектеби
Кызматкерлерди жумушка кабыл алуу жана ички тартип жөнүндө Жобо
1.Жалпы жоболор

1.1.Ушул жобо Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 144-беренесинин жана мектептин Уставынын негизинде иштетилип чыккан.

1.2.Ички эмгек регламенти мектептин жалпы эмгек жамаатынын ишин уюштууну так жөнгө салуу,ченемдик ишти илгерлетүү, жумуш убактысын сарамжалдуу пайдалануну камсыз кылуу,эмгек тартибин чыңдоо жана кызматчылар үчүн ыңгайлуу микроклиматтарды түзүү максатында иштетилип чыккан.

1.3.Ички эрежелерди колдонууга байланыштуу бардык маселелер мектеп администрациясы тарабынан ага берилген укуктардын чегинде, ошондой эле мыйзамдарда каралган учурларда биргелешип, макулдашуу боюнча кесиптик бирликтин жүйөлүү пикирин эске алуу менен чечилет.

2.Кызматкерлерди жумушка кабыл алуу, которуу жана бошотуу тартиби

2.1.Кызматкерлер жумуш берүүчү менен эмгек келишимин түзүү аркылуу эмгекке болгон укуктарын жүзүгө ашырат.Келишим 2 нускамада түзүлөт.Бир нускама кызматкерге берилет, экинчиси жумуш берүүчүдө калат.

2.2.Жумушка кабыл алуу директордун буйругу, эмгек келишими, талап кылынуучу документтер аркылуу жүгүзүлөт.Эмгек келишимине кол коюлган күндөн тартып 3 күндүн ичинде кызматкерге кабарланат.

2.3.Кызматкер 3 айдан ашпаган сыноо мөөнөтү менен кабыл алынат.Сыноо мөөнөтү менен кабыл алуу эмгек келишиминде жана мектептин буйругунда чагылдырылат.

2.4.Жумушка орношууда арыз ээси төмөнкү документтерди тапшырат:

-паспорт;

-эмгек китепчеси (жумушка биринчи жолу же жарым-жартылай орношкондон тышкаркы);

-билим жөнүндө документ;

-медициналык документтер;

-сүрөтү;

-арызы;